11-тиркеме

2021-жылдын 5-сентябрындагы
№1 педагогикалык кенеште
каралды

БЕКИТЕМ
Директор
А.Асаналиева
2021-жыл

**К.Чылабаев атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин түрткү берүүчү эмгек акы Фондусунун бөлүштүрүү жөнүндө ЖОБОсу**

*(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтому менен бекитилген)*

**1.Жалпы бөлүк**

1. Ушул Жобо мектептин кызматкерлеринин ишинин натыйжалуугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүнүн тартибинин,түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө жана иш кагаздарын жүргүзүүгө катышкан билим берүү процессинин катышууларынынөз ара байланышын тартибин аныктайт.Жобого мугалимдердин жана башка кызматкерлердин эмгегине баа берүүнүн жамааттын жалпы чогулушунда кабыл алынган индикаторлорунун тизмеси тиркелет.
2. Мектептин эмгек акы фондусунун түрткү берүүчү бөлүгү кызматкерлеринин арасында эмгекке катышуу коэффициентинин (ЭКК)-упайлардын негизинде бөлүштүрүлөт.
Эмгектин катышуу коэффициенти (упайлар) жамааттын ар бир мүчөсүнүн мектептин ишинин жалпы натыйжаларына кошкон жеке салымына объективдүү баа берүүнү чагылдырып турат.
3. Ушул Жобо мектептин кызматкерлеринин окуу-тарбия прцессинин натыйжалуулугунун жана сапатын жогорулатуудагы, чыгармачыл активдүүлүгүн жана демилгесин өнүктүрүүдөгү жогорку квалификациялуу кадрларды бекемдөөдөгү жана мектепке жаш адистерди тартуудагы жүйөлөрүн күчөтүү максатында иштелип чыккан.

**2. Билим берүү процессинин катышуучуларынын функциялары**

**4. Педагогикалык персонал:**

- Өз ишине өз алдынча баа берүүнү жүзөгө ашырат, өзүнүн эмгектик паспортун алдын ала толтурат;
- Толтурулган эмгектик паспортун методикалык бирикменин эмгек паспортторунун толтуруу комиссиясына берет.

**5. Мектептин усулдук бирикмелердин (МУБ) эмгектик паспортторду толтуруу боюнча комиссиясы:**

- Мугалимдин эмгектик паспортун кабыл алат,изилдеп чыгат, талкуулайт, корректировкаларды киргизет;
- Мугалимдин ишинин натыйжалуулугунун жана сапатынын ар бир индикатору боюнча упайларды (КТУ) белгилейт;
- Иштин натыйжаларына баа берүү протоколунун жазат жана мугалимдин ишинин натыйжалуугуна жана сапатына баа берүү таблицасын толтурат.

Scanned by TapScanner

**6. Мектептин эксперттик кеңеши:**

- МУБ үчүн эмгектин катышуунун коэффициентин белгилейт;
- МУБдин иштин натыйжаларын баа берүүнүн жана мугалимдердин баалама барактарынын (эмгектик паспортун) кабыл алынат;
- зарыл учурда коюлган упайлардын иш жүзүндөгү натыйжаларга ылайык келишин белгилейт, айрым кызматкерлердин упайларын (ЭКК) төмөндөтүү же жогорулатуу жөнүндө комиссияга сунуштарды киргизет;
- мектептин ар бир педагогу боюнча упайлардын (ЭКК) өлчөмдөрүн мектептин директорунун бекитүүсүнө берилет;
- мектеп кызматкерлерине алардын ишине баа берүүнүн натыйжалары жөнүндө маалымат берет.

**7. Конфликттик комиссия**

- кызматкерлердин өзүнүн ишинин натыйжаларына берилген бааларга макул эместиги жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызын кабыл алат жана ЭКК (упайлар) жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 3 жумуш күнүнүн ичинде карайт;
- кызматкердин ишинин натыйжаларына берилген бааны өзгөртүү же өзгөрртүүсүз калтыруу жөнүндө 5 жумушчу күнүнүн ичинде негизделген чечим чыгарат;
- мектеп директоруна конфликттик комиссиянын чечим берет.

**8. Мектеп директору**

- ушул Жобону, мектептин эксперттик кеңеши жөнүндө Жобону, документтерди эсепке алуу жана сактоо жөнүндө Жобону бекитет;
- мектептин эксперттик кеңешинин көрсөтүүсүн боюнча МУБ үчүн эмгекти катышуунун коэффиценттеринин өлчөмүн бекитет;
- зарылдыгына жараша мектептин камкорчуларынын (камкорчулар кеңешинин) коомдук бирикмесинин төрагасы, ата-энелер комитетинин төрагасы, кесиптик уюмдун төрагасы менен мугалимдердин баалоо барактарын жана кызматкерлердин ишинин натыйжаларына баа берүү жөнүндө буйруктун долбоорун талкуулайт;
- мектептин кызматкерлерине ЭКК (упайлар) белгилөө жөнүндө буйруктун долбоорун эксперттик кеңешке, кесиптик бирлик комитетине жиберет.

**9. Мектептин камкорчуларынын (камкорчулар кеңешинин) коомдук бирикмеси**

- өзүнүн өкүлүнүн мектептин эксперттик кеңешинин курамына жиберет;
- кызматкерлердин ишинин натыйжаларына баа берүү жана кызматкерлердин ишинин натыйжалуугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөр жөнүндө буйругунун долбоору боюнча мектептин директоруна жазуу жүзүндө жүйөлүү пикирин жиберет.

**10. Билим берүү процессинин катышууларынын укуктары жана жоопкерчилиги**

**Педагогикалык персонал:**

- комиссиялардынэксперттик кеңештеринин ишине катышууга;
- түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүнүн механизимдердин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- өзүнүн ишинин бааланышынын натыйжалары менен макул эместиги жөнүндө конфликттик комиссияга арыз берүүгө укуктуу.

**Милдет**

- толтурулган эмгектин паспортун МОнун комиссиясына өз убагында берүүгө милдеттүү;

Scanned by TapScanner

**11. Мектептин директору:**

- мептептин эксперттик кеңешининин персоналдуу курамын калыптанууга укуктуу.

**Милдеттүү:**

- иштин натыйжалуугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүдө ченемдик жана локалдуу актылардын талаптарын сактоого милдеттүү.
  ММБнин комиссиянын конфликттик комиссиянын,эксперттик кеңештин укуктары жана милдеттери мектептин локалдуу актылары (Жоболору) тарабынан аныкталат.

**12. Иш кагаздарын уюштуруу**

Мектептин кызматкерлеринин ишинин натыйжалуугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүү боюнча документтери (баа берүү барактары, эксперттик кеңештин жана комиссиялардын отурумдарынын протолдору, эмгектик паспорттор, конфликттик комиссиянын отурумунун протоколдору, кат жазышуулар жана ж.б.) колдонуудагы мыйзамдарга белгиленген мөөнөттөрдүн ичинде иш казаздарынын материалдарында сакталат.

**13. Жыйынтыктоочу жоболор.**

- Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

- Берилген жобого өзгөртүүлөрдү жараштыруу кызматынын же мектепте биргелешип башкаруу органдарынын сунуштары боюнча директор тарабынан киргизилет.

Scanned by TapScanner